*Гүлзада Албекова,*
*Сузак районундагы Кара-Дарыя а/ө*
*№18 Азимжан Караев атындагы мектебинин*
*башталгыч классынын мугалими*

**Предмет: Мекен таануу**

**Сабактын темасы : Күн - бул жылдыз**

**Сабактын максаты :**

| № | Сабактын максаттары : | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк: Окуучулар күндүн табияты, көлөмү жөнүндө маалымат алат | • Окуучулар күндүн табияты, көлөмү жөнүндө маалымат алса |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк: Таанып билүүсү, аң сезими, билгичтиги калыптанат. Дүйнө таанымы кеңейет. | • Окуучулардын таанып билүүсү, аң сезими, билгичтиги калыптанса; дүйнө таанымын кеңейте алса; |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк: Билимдүү болууга, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбияланышат. | • Окуучулар билимдүү болууга, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбияланышса. |

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр, видео, ватман, маркерлер, макет, проектор, ноутбук.

**Сабактын усулу:** аңгемелешүү, суроо-жооп, талкуу.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди өздөштүрүү.

**Предмет аралык байланыш:** Сүрөт, математика.

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабак-тын этабы | Мугалимдин көрсөтмөлүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетент-түүлүк | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | НК | ПК | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Уюштур уу, | Саламатсыңарбы, балдар !<br>Маанайыңар жакшыбы?<br>Бүгүн сабакка бардык окуучулар келдиби?<br>Эшикте аба-ырайы кандай ?<br>Силерге кайсы жыл мезгили жагат?<br><br>Күз айларын атап бергиле?<br>Эмне үчүн күздү алтын күз деп атайбыз?<br><br>Азаматсыңар! Балдар бүгүн сабакта суроолорго так жооп берген, үй тапшырмасын даярдап келген, сабакка активдүү катышкан окуучуларга “эң жакшы”деген баа коёмун.<br>Сабакка жакшы даярданып келдиңерби?<br>Келгиле сабагыбызды баштайлы кунт коюп көңүл буруп, алтын эрежени сактап отуралы. | Саламдашат<br>Маанайларын көрсөтөт;<br>Окуучулар ж-дө маалымат берет;<br>Бүгүнкү аба-ырайы жөнүндө айтат;<br>Окуучулар жакшы көргөн мезгилин айтып берет.<br>Күз айларын айтып беришет.<br>Күз мезгилин сүрөттөп беришет.<br><br>Ооба, даярбыз. | НК1 | ПК2 | Азаматсыңар балдар ! |
| Өтүлгөн теманы кайталоо: | Өткөн сабакта биз “Жылдыздуу асман” темасын өттүк. Балдар өтүлгөн тема эсиңердеби? Өтүлгөн тема боюнча ар бир топко суроолорду түзүп келдим, топ менен бирге суроолорго жооп беребиз.<br>Өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп берип баштайбыз:<br>1. Жылдыздар деген эмне?<br><br>2. Жылдыздарды кайсы мезгилде көрсө болот?<br>3. Биздин планета эмне деп аталат ?<br><br>4. Топ жылдыздар деп эмнени аташат ?<br><br>5. Кайсы топ жылдыздарды билесиңер?<br><br>6. Окумуштуулар асманда канча топ жылдыз бар экенин айтышкан ? | Окуучулар кунт коюп угуп отурат.<br><br>Окуучулар топтордо суроолорго жооп берет.<br><br>Жылдыздардын ар бири Күн сыяктуу көлөмү чоң ысык шар болуп саналат.<br>Жылдыздарды түндөсү асмандан көрсө болот.<br>Биздин планета ЖЕР деп аталат.<br><br>Адамдын сөлөкөтүнө же жаныбарларга окшош жылдыздарды топ жылдыз деп аташат.<br>Соко, Бугу, Чоң араба, алтын Казык, Жетиген, Чоң Жетиген, Үркөр...<br>Окумуштуулар асманда 88 топ жылдыз бар экенин ачышкан. | НК2 | ПК3 | Азаматсыңар ! |
| Үй тапшырмасын суроо | Балдар силерге үйдөн “Күн - бул жылдыз” деген темасы окуп келүүгө берилген. Окуп келдиңерби? | Балдар окуп келгенин айтат. | НК3 | ПК3 | Азаматсыңар , бали! |
| Жаңы темага өбөлгө : | Балдар, мен силерге табышмак айтайын, угуп тургула!<br>***Өзү тегерек***<br>***Жарыгы эң керек.***<br>***Күндүз көрөм***<br>***Түндөсү көрбөйм.***<br>Азаматсыңар балдар, биздин бүгүнкү сабагыбыз күн жөнүндө болмокчу. | Балдар табышмакты угуп жандырмагын табат.<br><br>Табышмактын жандырмагы - КҮН | НК1 | ПК 2 | Эң жакшы ,азаматсыңар ! |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жаңы тема:** | Сабактын темасы, максаты, көрсөткүчтөрү менен таанышат.<br>Бизге жылулук берген нерсе эмне деп ойлойсуңар?<br>Күн деген эмне?<br>Асманда жылдыздар жерден өтө алыстыкта жайгашкан. Күн да алар сыяктуу эле жылдыз, айырмасы Күн Жерге жакын жайгашкандыктан, чоң көрүнөт. Күн Ааламга жарыктан бөлөк жылуулук берет. Күндүн нуру болбосо Жер жүзүндө өсүмдүктөр өспөй, жаныбарлардын жана адамдардын жашоосу да болмок эмес.<br>Балдар дептериңерди ачып жазып алгыла!<br>Күн - өтө ысык, газдуу чоң шар. Үстүнкү бетинин температурасы: +6000 $^0$c , ортосу 15000000 $^0$c.<br>Күн нуру Жер бетине 8 мүнөт 17секундда жетет. Күн - бул жылдыз. Күндүн нурунун түстөрү кызыл, көк, кызыл сыя, жашыл.<br>**Физминутка**:<br>Күн чыкканда, биз катарга турабыз.<br>***Бир*** дегенде колубузду сунабыз.<br>Жалбырактай кыймылдатып оңго солго,<br>***Эки*** деп түшүрөбүз кайра колду. | Сабактын темасы, максаты, көрсөткүчтөрү менен таанышат<br><br>Күн<br><br>Күн да жылдыз<br>Окуучулар Күн жөнүндө түшүнүк алат.<br><br>Дептерине Күн жөнүндө жазып алышат.<br><br>Окуучулар кыймыл менен аткарып берет. | НК2 | ПК 1 | |
| **Сабакты бышыктоо:** | Балдар келгиле кластер түзөбүз<br> | Балдар доскага чыгып кластер түзөт. | НК2 | ПК3 | Азаматсыңар ! |
| **Сабакты жыйын-тыктоо:** | 1. Балдар, сабактан кандай жаңы нерсени билдиңер?<br>2. Силерге эмне маанилүү болду?<br>3. Күн жөнүндө дагы эмнелерди билгиңер келет?<br>Силерде кандай суроолор пайда болду, сурасаңар болот. | Окууучулар сабакка талкуу жүргүзөт.<br>Суроолорго жооп беришет.<br><br>Түшүнбөгөн суроолору болсо сурашат. | НК 2 | ПК 3 | Азаматсыңар балдар! |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Үй тапшырма** | Балдар, үйдөн күнгө күйгөндүн эрежесин кайталап окуп, эсиңерге сактап алгыла. Күндүн сүрөтүн тартып келгиле. | Тапшырманы угуп түшүнөт, күндөлүгүнө жазып алышат. | | | |
| **Баалоо** | Азаматсыңар, балдар! Бүгүн сабакка активдүү катышкан, суроолорго так, туура жооп берген  окуучуларга кол чаап коёлу. Азаматсыңар! | Балдар кол чабат. күндөлүгүнө бааларын койдурат. | | | |